**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ**

**СОЦИАЛДЫК-ГУМАНИТАРДЫК ДИСЦИПЛИНАЛАР КАФЕДРАСЫ**

**«БЕКИТИЛДИ»**
Кафедранын 2022-жылдын__сентябрында
жыйынынын №____ протоколунда.
Каф.башчысыф.и.к. Ысмаилова Р.А.
_____________________________

**«БЕКИТИЛДИ»**
Факультетинин окуу-усулдук
кенешинин 2022-жылдын «___»
жыйынынын №_ __протоколунда.
факультеттин ОУКнин төрайымы,
улук окутуучу Салиева Р._______

# Кыргыз тили дисциплинасы боюнча дарылоо иши (GM 560001) багытында окуган студенттер үчүн баалоо критерийлери жана баалоо барагы

| Дисциплинанын аталышы | Саат эсеби | | | Отчеттуулук | |
|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз тили дисциплинасы | | | | I | II |
| | Баары | практ. сабак | СӨАИ | | |
| | 120 (4 кред.) | 60 | 60 | экзамен | экзамен |

**Түзүүчүлөр: Кыргыз тили дисциплинасынын окутуучулары**

**Ош - 2022**

Кыргыз тили дисципланасынын баалоо каражаттарынын комплекси студенттердин билимдеринин жетишкендиктерин баалоо жана текшерүү үчүн түзүлөт. Баалоо каражаттарынын комплекси учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү жүргүзүү үчүн текшерүүчү тапшырмалардын топтомун өзүнө камтыйт. Баалоо каражаттарынын фонду НББПнын курамына кирет жана өздөштүрүүнүн сапатын баалоо системасынын нормативдик-усулдук камсыздоонун негизги бөлүгү болуп саналат.

Баалоо каражаттарынын комплекси – окутуунун натыйжаларын баалоонун жол-жоболорун жөнгө салуучу усулдук материалдардын жыйындысы.

Баалоо каражаттарынын комплекси баалоонун негизги принциптерине таянуу менен түзүлдү:

- жарактуулук: окутуунун максаттарына баалоонун обьектилеринин шайкеш келиши;
- ишенимдүүлүк: жетишкендиктерди баалоо үчүн баалоонун чен-өлчөмдөрүн жана бирдей стандарттарды колдонуу;
- обьективдүүлүк: ар бир студент ийгиликке жетиши үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө ээ болуусу шарт.

**Баалоо каражаттарынын комплексинин негизги параметри жана маңызы төмөнкүлөр:**

- предметтик багыт (предметтин конкреттүү окуу дисциплинасына шайкеш келиши);
- мазмуну (окуу дисциплинасынын теориялык жана практикалык мазмунун түзүүчү структуралык бирдиктердин курамы жана өз ара байланышы);
- көлөмү (БККга кирүүчү баалоо каражаттарынын сандык курамы );

-Баалоо каражаттарынын сапаты жана БКК ар кандай максатта текшерүүнү өткөрүүдө обьективдүү жана ишенимдүү натыйжаны алууну камсыздайт.

**Балл коюунун саясаты.** Ар бир семестрде студенттер эки модуль тапшырышат. Студенттерди баалоо максатында билимин текшерүү үчүн лексико-грамматикалык тапшырмаларды камтыган жазуу иштери жүргүзүлөт.

Ар семестрдин аягында жыйынтыктоочу текшерүү алынат. Модулдардын жыйынтыгы максималдуу 60 баллды түзөт. Жыйынтык баа учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдүн натыйжасынан келип чыгат.

## 1. Кыргыз тили жана адабияты дисциплинасы боюнча баалоонун критерийлери

| № | Ишмердүүлүк түн түрлөрү | Баалоонун критерийлери | Баа/балл | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 5 | 4 | 3 | 2 |
| 1. | Фонетикалык көнүгүү | - сөздөрдүн жана сөз айкаштарынын так айтылышы, тактыгы - 30<br>- орфоэпиялык нормаларды сактоо - 30<br>тыныгууларды сактоо - 30<br>- экспрессивдүүлүк - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 2 | Окуу жана түшүнүү | - окуунун темпи жана ритми - 30<br>- катасыз - 30<br>- орфоэпиялык нормаларды сактоо - 30<br>- интонация (синтагмаларга ылайык үндү көтөрүү жана төмөндөтүү) - 30<br>- паузаларды байкай билүү - 30<br>- эмоционалдуулук - 30<br>- тексттен суроолорго жооп таба билүү - 30<br>- сөздөрдүн маанилерин чечмелөө - 30<br>- ачкыч сөздөрдү бөлүп көрсөтүү - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | - тааныш эмес сөздөрдүн маанисин болжолдоо жөндөмү - 30 | | | | |
| 3. | Угуу жана түшүнүү | - жалпы мүнөздөгү суроолорго жооптун тууралыгы - 30<br>- аталыштын тексттин мазмунуна катышынын тууралыгы - 30<br>- жеке фактыларды (деталдарды) бөлүп көрсөтүү жөндөмдүүлүгү - 30<br>- тексттин түрүн аныктоо көндүмдөрүн көрсөтүү - 30<br>- ачкыч сөздөрдү бөлүп көрсөтүү - 30<br>- негизги менен экинчиликти ажырата билүү - 30<br>- текстти семантикалык бөлүктөргө бөлүп көрсөтүү жөндөмү -30<br>- тексттин негизги мазмунун бере билүү - 30<br>- негизги фактыларды ырааттуулук менен санап чыгуу - 30<br>- тексттин семантикалык бөлүктөрүн жетектей билүү - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 4. | Диалог түзүү | - логикалык байланыш - 30<br>- баарлашуунун максатын түшүнүү - 30<br>- теманы ачуу - 30<br>- сүйлөшүүнү баштоо, жүргүзүү жана бүтүрүү жөндөмү - 30<br>- сөз алмашууда тартипти сактоо, сылыктык нормаларын сактоо - 30<br>- лексикалык бирдиктерди жана грамматикалык түзүлүштөрдү колдонуунун максатка ылайыктуулугу - 30<br>- ар түрдүү лексиканы көрсөтүү - 30<br>- кепти түшүнүүгө тоскоол болгон каталардын жоктугу - 30<br>- фонематикалык жана орфоэпиялык нормаларды сактоо - 30<br>- интонация (логикалык басымды, сөздүн темптерин жана ритмин бөлүп көрсөтүү) - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 5. | Кыскача кайра айтып берүү | - айтып берүүнүн ырааттуулугу – 30<br>- темага жана мазмунга ылайыктуулугу - 30<br>- кыска сунуштарды түзүү (конструкциянын негизинде – 30<br>- интонация, фонематикалык жана орфоэпиялык нормаларды сактоо – 30<br>- интонация (логикалык басымды, сөздүн темптерин жана ритмин бөлүп көрсөтүү) - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 6. | Жат жазуу | - татаал сөздөрдүн жазылышын өздөштүрүүсү - 30<br>- пунктуация каталарынын болушу - 30<br>- каллиграфиялык туура жазуу -30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 7. | Практикалык ыктарды жана билгичтиктерди көрсөтүү. Көнүгүү | студенттин өз алдынчалыгы - 30<br>- иштин бардык этаптарын аткаруу - 30<br>- иштин көлөмүн аткаруу - 30<br>- аткарылган көнүгүүлөрдүн тууралыгы - 30<br>- жазуунун каллиграфиялык тууралыгы - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 8. | Үлгүгө ылайык текст түзүү. | Чакан текст түзүү-30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 9. | Ролдук оюн | - сөз айкашынын тууралыгы -30<br>- даяр сүйлөмдөрдү, билдирүүлөрдү колдонуу - 30<br>- билдирүүлөрдү кеңейтүү - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 10 | Оюн ишмердүүлүгү | - тапшырманы талкуулоодо жана алдын ала пикир алмашууда активдүүлүк - 30<br>- окуучулардын чакан топтордогу сабактан тышкаркы иштеринин өз алдынчалыгы - 30<br>- даярдалган аналитикалык отчеттун тууралыгы жана өз убагында болушу (командада иштөө) - 30<br>- тапшырманын темасын ачуунун толуктугу жана терминологияга ээ болуу - 30<br>- кошумча суроолорго жооптор - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 11 | Презентация | - маселенин ачыктыгынын ырааттуулугу жана толуктугу - 30<br>- материалды жалпылоо, корутунду берүүнүн тууралыгы - 30<br>- презентацияны көрсөтүүдө студенттин активдүүлүгү жана суроолорго жооп берүү жөндөмү - 30<br>- презентациянын туура түзүлүшү - 30<br>- материалды берүү сабаттуулугу - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 12 | Ситуациялык тапшырмаларды чечүү | - берилген маалыматты (милдеттерди) түшүнүү - 30<br>- маселени чечүүнүн жолун сунуштоо - 30<br>- маселени чечүү ыкмасын негиздөө (сиздин тандооңуз) - 30<br>- альтернативдик варианттарды сунуштоо - 30<br>- материалды берүү сабаттуулугу - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 13 | Контролдук тапшырмалар | -тапшырмаларды туура аткаруу – 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 14 | Коллоквиум | - жооптун толуктугу жана тууралыгы - 30<br>- үйрөнгөн материалды билүү, түшүнүү даражасы - 30<br>- сүйлөө речинин тууралыгы - 30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |
| 23. | Сынак тестти (жыйынтыктоочу тест) | - тесттик суроолорго өз алдынча берген жоопторунун тууралыгы -30 | 26-30 | 22-25 | 18-21 | 0-17 |

**Жазуу иштерин баалоо:**

**Жат жазууну баалоонун чен-өлчөмдөрү:**

Сабаттуу жазууга үйрөтүүдөгү маанилүү жумуштардын бири – жат жазуу. Орфография, пунктуация, грамматика боюнча алган билимдерин практикада колдонууга машыктырууда жат жазуунун мааниси чоң.

**"5"** деген баа катасыз жазылган ишке коюлат. Бирок анда одоно эмес 1 орфографиялык, 1 пунктуациялык катанын болушу мүмкүн.
**"4"** деген баа 2 орфографиялык, 2 пунктуациялык же 2 орфографиялык, 3 пунктуациялык катасы бар жат жазууга коюлат.
**"3"** деген баа 4 орфографиялык, 4 пунктуациялык, же 3 орфографиялык, 5 пунктуациялык, же орфографиялык катасыз, 7 пунктуациялык катасы бар жат жазууга коюлат.
**"2"** деген баа 7 орфографиялык, 7 пунктуациялык же 6 орфографиялык, 8 пунктуациялык, же 5 орфографиялык, 9 пунктуациялык, же 8 орфографиялык, 6 пунктуациялык катасы бар жат жазууга коюлат.

Жат жазууда үчтөн көп оңдоолор болсо, баа бир баллга төмөндөйт.

**Сөздүк жат жазууну баалоонун чен- өлчөмдөрү:**

Жат жазуунун бул түрүнө байланыштуу текст эмес, сөздөр жана сөз тизмектери тиешелүү темага ылайыкталып алынат. Орфографиялык эрежелерди өздөштүрүүнү текшерүү максатында жүргүзүлгөн мындай жат жазуу теманы жыйынтыктоо катары 10 - 15 мүнөткү эсептелип жаздырылат.

Сөздүк жат жазуу төмөнкүдөй бааланат:
**"5"** деген баа катасыз жазылса;
**"4"** деген баа бир ката кетирсе;
**"3"** деген баа эки ката кетирсе;
**"2"** деген баа үч жана андан көп ката кетирсе коюлат.

**Оозеки жоопторду баалоонун чен-өлчөмдөрү:**

Өздөштүрүлгөн темалар боюнча тапшырмаларды аткарууда жана жаңы теманы үйрөнүүдө студенттердин даярдыктарынын деңгээлин текшерүү максатында окутуучу жеке жана жалпы оозеки сурамжылоо жүргүзөт.

- Тапшырманын мазмуну боюнча жооптун тууралыгы (жооп берүүдө каталардын мүнөздүү белгилери жана саны);
- жооптордун толук кандуулугу жана маанилүүлүгү (фактылардын жана түшүнүктөрдүн саны);
- жооптун маңыздуулугу (баяндалган теманын түшүнүктүүлүгү)
- баяндалган теманын логикалуулугу (атайын терминдерди сабаттуу пайдалануу, бирдиктүү, иреттүү аңгеме түзө алуусу)
- коюлган окуу тапшырмаларын чечүүдө колдонулуучу ыкмалардын жана жоболордун рационалдуулугу (максатка жетүүдө бир топ прогрессивдүү жана эффективдүү ыкмаларды колдоно алуусу)
- жооп берүүдө көрсөтмө куралдарды жана техникалык каражаттарды орду менен натыйжалуу пайдалануусу (оозеки жоопто демонстрациялык тажрыйбаны жана көрсөтмөлүүлүктү сабаттуу жана пайдалуу колдонуусу) эске алынат.

**Упайларды коюу саясаты**

Дисциплина AVN системасы боюнча экзамендик жыйынтык баа компьютердик ведомостко төмөнкү эрежеге ылайык коюлат:

| **Баллдык баалоо системасы** | | | **Салттык баалоо системасы (кыргыз системасы)** | |
|---|---|---|---|---|
| **Балл** | **сабактын баллы** | **Коэффициент** | **сабактын баасы** | **Баалоо** |
| 87-100 | A | 4.0 | 5 | Эң жакшы |
| 80-86 | B | 3.33 | 4 | Жакшы |
| 74-79 | C | 3.0 | | |
| 68-73 | Д | 2.33 | 3 | Орто (канааттандырарлык) |
| 61-67 | E | 2.0 | | |
| 31-60 | FX | 0 | 2 | Начар (канааттандырарлык эмес) |
| 0-30 | F | 0 | | |